Обону: Б.Бапытаева
Сөзү: К.Урманбетов

# "Кыз Вальсы"

Ийип белди,
Кыз жигит жай барат.
Ийик өңдүү.
Айланат, айланат.

Көңүлүм түз белем,
Кошулуп сиз менен,
Түшөмүн айлан көчөк.
Канымды кызыта,
Жагымдуу музыка,
Басаңдап кайра күчөп.

Айланамда,
Баратат жер көчүп.
Аа чынында,
Баратам мен көчүп.

Кайырма (ошол эле)

Жер айланат,
Өзүнүн огунда,
Мен айланам,
Махабат жолунда.

Бийлесем сиз менен,
Баардыгы биз менен,
Түшкөндөй айлан көчөк.
Канымды кызыта,
Жагымдуу музыка,
Басаңдап барып өчөт.

1984-жыл

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: А.Акматалиев

# “Турмушта болот баары айла барбы”

Турмушта болот баары айла барбы,
Жүрөгүм сени каалап сени тапты.
Күнөөлө мени мейли бирок дагы,
Урматтай уздай таза махабатты.

Түшүнгүн, мени туура сүйбөсөң да,
Жапжакын адам бойдон калалычы.
Өмүрдө бир адамды ыйык тутуп,
Сүйүүнүн ээси болуу кандай жакшы.

1997-жыл, Май

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: К.Курманбаев

# “Сезим оттору”

Жазда гүлдөр нурун чачып жайнаган,
Жан эргитип куштар канча сайраган.
Алоолонтуп жүрөгүмдүн оттору аа, аа,
Алдын тосом жолуксам деп кайрадан.

Жагалданам жаздын назик гүлүндөй,
Жаштык кездер өтөт тура билинбей.
Күлүк кыял ала качан токтобой,
Күн болбостур сени күткөн күнүмдөй.

Сен туйбастан менде болгон сезимди,
Сен көрбөстөн күлкү болгон көзүмдү.
Байкап көрсөм мендей экен абалым,
Башка жанга арнап коюп өзүңдү.

1983-жыл, Сентябрь

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: Ш.Дүйшеев

# “Кусалык”

Карегимди жашы кылып жамгырды,
Канча күттүм арасынан ай-жылдын,
Какшап жетпей калганымды билсен да,
Карааныңды бир көрүүгө зар кылыдың.

Сагындырган гүлүн көздөй бара албай,
Суу да бир күн буулат экен ага албай.
Санаа менен таң аттырып келатам,
Сага окшогон бир да жылдыз таба албай.

Адам жоктур бул дүйнөдө сүйбөгөн,
Ашыктыктын азабына күйбөгөн.
Мейкиндеги кош чызыктай биз эми,
Кетебизби бир кездешпей дүйнөдөн.

1996-жыл, 5-апрель

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: Ж.Исабаева

“Апам жана мен”

Жигитке жар, балдарыма энемин,
Кыялкеч кыз, боз уланга жеңемин.
Анткен менен апакемдин алдында,
Саамай көкүл, секелеги элемин.

Кумарлана жытын искеп баланын,
Мен дагы улам улгаюга барамын.
Анткен менен апакемдин жанында,
Балапан кыз, баёо сезим баламын.

Үй-бүлөнүн, жардын болуп жөлөгү,
Артык экен өз баландын өнөрү.
Анткен менен апакемдин алдында,
Баягы эле бакыран көз бөжөгү.

Айтаарга сөз, ашын батпай берээрге,
Бала-бакыт бала кымбат энеге.
Озун-ата, апа болуп турсан,
Кичинем деп эркелетип калчу эле.

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: К.Байбугуева

# “Сезим”

Бул өмүрдүн өктөмүнө багынып,
Өтсө дагы күндөр суудай агылып.
Тээ качанкы аруу сезим өчпөдү,
Кулагыма шыңгыр күлкүң жаңырып.

Шуудураган ак кайыңдын дабышы,
Катар турган кош жүрөктун кагышы.
Кыялымды кытыгылайт дагы эле,
Көзгө элестеп ал күндөрдүн баарысы.

Өтөөр мезгил өргө тартып токтобой,
Андагы кез азыркыга окшобой.
Аалам кенен, мейли алыс жакын бы,
Жүрсөм экен мен өзүңдү жоктобой.

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: К.Курманбаев

“Энекебай”

Энекебай мен жаралып каныңдан,
Эч чыгарбай сен өстүрдүң жаныңдан.
Өмүрүмө өмүр тилеп уктабай,
Өзүң элең жаратканга жалынган.

Энекебай мээримиңе кумармын,
Акыл толгон алтын сөзүң агырмын
Чымыратып тамырынан жараткан,
Чырпык элем бугун өсүп чынармын.

Энекебай баа жетпеген ардагым,
Эмчек сүтүн эң биринчи алгамын.
Бүркөбөстөн кабагыңды, кашыңды,
Бүт өмүрүн балдарыңа арнадың.

Энекебай асманда айым, күндөйүм,
Эмгегиңди кантип баалап, билбейин.
Ак сүтүңдү тамчысына татыбас,
Ал иштердин жазасамда миңдейин.

Энекебай пейилиң аппак сүтүндөй,
Эмгегиңди айтам ооздон түшүрбөй.
Өзүң үчүн тамчы болуп сезилээр,
Өмүрүмдү арнасам да бүтүндөй.

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: Б.Бапытаева

# “Эркине кой”

Башыбыз далай күндөр кечирип,
Баёо кезим өткөн күндөй сезилип.
Кайрылбайт го ээми сүйүү дегиче,
Байкоосуздан калдың өзүң кезигип.

Кезигип кеч болсо да гүлун ачтың,
Кечээги жаңы агыткан күлгун жаштын.
Качанкы эски түштү эстеткендей,
Капыстан тынч күндөргө бүлүк салдың.

Күттүрбө кеч келсе да күйүп жансын,
Күйүүтү күчтүү болот махабаттын.
Күлүктөй тушап салбай эркине кой,
Сүйүүгө кайдыгерлик кыла албайсын.

22.02.2014 жыл

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: Т.Жумадилов

# "Жылдызым"

Жылдызды карап суктанып,
Жылдызым мени ыктадың.
Жымыңдап жылдыз көз кысып,
Жыргалым сени жыттадым.

Чолпондой жайнап көздөрүң,
Чок болуп жүрөк ысытат.
Очогу менде сүйүүнүн,
От болуп улам ысытат.

Жылдызды карап суктанып,
Шыбырайм сага тилегим.
Өчпөгүн сүйүүм өчпөгүн,
Муздатпа сүйүү илебин.

Обону: Б.Бапытаева

Сөзү: А.Осмонов

# “Жамгыр ыры”

Төгул жамгырым, жамгырым,
Жумшартып жердин тамырын., тамырын.
Элете бер суу куюп, суу куюп,
Булуттардын калбырын, калбырын.

Себил жамгырым, жамгырым,
Суугар тоо-туз ой кырын.
Жемиш толо күз келип,
Ырдайлы биз той ырын.

Тогүл жамгырым, жамгырым,
Гүлдөр төшө талаага, талаага.
Бакыт тою жаңырсын, жаңырсын,
Биз жашаган калаада, калаада.